Кара-Дөбө негизги мектеби

# Педагогикалак кеңешме жөнүндө Жобо

Кабыл алынды: Бекитилди:

№ 1 пед.кенешме директор: [signature] Кулсариева.А.Э

«09» 09 2020 ж «09» 09 2022 ж

*Жайыл районунун Кара -Дөбө негизги мектебинин педогогикалык кенеши жөнүндө*

*Жобо*

1. **Жалпы жобо**

1.1 Бул жобо « Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамынын мектептин Уставына ылайык Кара-Дөбө негизги мектебинин педагогикалык кенештин ишин жөнгө салат.

1.2 Педагогикалык кенеш коллегиалдуу башкаруу органдарынын бири болуп саналат,анын милдеттерине билим берүү процессинин сапатын,анын шарттарын жана натыйжаларын жогорулатуу кирет.

1.3 Педагогикалык кенешме мектептин окуу – тарбия ишинин маселелерин талкуулоо үчүн түзүлөт;

1.4 Мектептин ар бир мугалими жумушка алынган учурдан тартып мектеп кенешмесинин мүчөсүнө кирет.

2. **Педагогикалык кенештин максаттары:**

*Өзүн-өзү башкаруу принциптерин ишке ашыруу;

*Мугалимдердин демилгелерин өнүктүрүү;

*Мектептин жана коомдук принциптерди ишке ашыруу.

2.1 Педагогикалык кенештин иши эл аралык укуктук ченемдерине, колдонуудагы мыйзамдарга жана билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга так ылайык жүргүзүшөт.

* Балдардын укуктары жөнүндө БУУнун конвенцичсы;
* Кыргыз Республикасынын конституциясы;
* Кыргыз Республикасынын президенттинин, билим берүү министрлигинин, ЖРББ бөлүмүнүн жарлыктары жана буйруктары.

- Билим берүү мекемесинин уставы ;
- Ушул жобо

2.2 Мектеп ичиндеги жумуштарды аткаруу үчүн педагогикалык жамаатты чогултуп бириктирүү.

2.3 Мугалимдер кенешинин чечимдери мектептин билим берүү мамилелерин бардык катышуучулары үчүн милдетүү жана директордун буйругу менен аткарылат.

**3. Педагогикалык кенешменин милдеттери;**

3.1 Мектептин билим берүү концепциясын түзүүгө жана ишке ашырууга жалпы акмаларды тандайт;

3.2 Окуучуларга билим берүүнүн, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн мазмунун, мектептеги билим берүү процесин уюштуруунун формаларын жана методдорун аныктайт;

3.3 Билим берүү ишиндеги алдынкы тажрыйбаны жалпылайт жана жайылтат.

3.4 Окуу процессин өркүндөтүүгө байланыштуу педагогикалык маселелерди чечет жана жогорку сапатын камсыз кылат;

3.5 Мектептеги окуу процессин пландаштырууну, уюштурууну жана жөнгө салууну,анализдөөнү жана контролдоону жүзөгө ашырат;

3.6 Мектептин мугалимдер жамаатын жана анын жетекчилерин окуутуну жана аттестациядан өтүүсүн уюштурат жана жүргүзөт;

3.7 Мектеп администрациясынын чечимдерин текшерет:

- сертификациялоо жөнүндө;
-мектиптин жумуш убактысы жөнүндө;
-жергиликтүү актыларды даярдоо жөнүндө;
- окуучуларды которуу жана бүтүрүү жөнүндө;
- сыйлыктар жана жазалар жөнүндө;
- мектепти жаны окуу жылына даярдоо жөнүндө.

**4.Педагогикалык кенешмен структурасы.**

4.1 Окуу жылына карата мугалимдердин ичинен педагогикалык кенешменин катчысы шайланат.

4.2 Педагогикалык кенешменин ишинде төмөнкү формалар колдонулат;

жалпы чогулуш, тематикалык жана көйгөйлүү семинарлар, лекциялар педагогиканын актуалдуу көйгөйлөрү боюнча талкуулар, илимий-практикалык конференциялар;

4.3 Педагогикалык кенешменин ишин төрага жетектейт. Төрага болуп директор гана эмес ,мугалим да шайланат;

4.4 Педагогикалык кенешменин отурумдарынын убактысы,орду жана күн тартиби мектеп администрациясы менен макулдашат ;

4.5 Педагогикалык кенешмеге жылына 4 жолу чогулат;

4.6 Мугалимдер кенешинин ишин көзөмөлдөө мектеп директору жана райондук билим берүү бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт;

4.7 Педагогикалык кенештин иш планы окуу жылына карата түзүлөт.

4.8 Чечимдерди кабыл алуу жана иштеп чыгуу үчүн мугалимдер кенешинде 3же 5 адамдан комиссия шайланат;

**5.Педагогикалык кенешменин мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери**
.

5.1 Баардык мүчөлөр добушка ээ, алардын ар бири өз демилгеси боюнча окутуу жана тарбия ишин өркүндөтүүгө байланыштуу маселелерди педагогикалык кенешке киргизүүгө укуктуу;

5.2 Педагогикалык кенештин ар бир мүчөсү мектептин окуу жана тарбия иштеринин абалын билип , анын жакынкы милдеттерин билип турушу керек.

**6 Документтер**

6.1 Педагогикалык кенештин жыйналыштары жана чечимдери протоколго түшүрүлөт;

6.2 Мугалимдер кенешинин отурумдарынын протоколдору жана чечимдери директордо сакталат;

6.3 Мугалимдер кенешинин жыйналыштарынын протоколдору атайын китипке тыкан сакталат ,номерленип ,боолор менен бекитилип, мөөр басылат

Место для уравнения.